# К.АРТЫКБАЕВ-АДАБИЯТ ТАРЫХЧЫСЫ

**ЖУНУСАЛИЕВА КУНДУЗ**
*Талас университети, ф.и.к., доцент.*

Кайсы гана элдин болбосун,анын тарыхы, анын ичинен адабиятынын тарыхы көп кырдуу татаал көрүнүш болгондуктан.ал изилдөөчүдөн да ошондой көп кырдуулукту талап кылат. М.Горький айткандай: «Элдин адабиятын билиш үчүн,анын тарыхын билүү керек» -деген сөзү эске түшөт. Ал эми адабиятыбыздын тарыхын изилдөө өзүнчө сөз кылууга арзырлык.

Кыргыз адабияты басып өткөн жолду системага салып ,илимий жалпылоого алуу үчүн кылган аракеттер, ошол жасалган иштер 40-жылдары башталганын белгилөө жана окурмандардын көъүлүн буруу шыбагасы биз сөз кылчу агайыбызга таандык.

Кыргыз республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын, Ж.Баласагын атындагы сыйлыктын лауераты. КР маданиятына эмгек сиъирген ишмер ,филология илимдеринин доктору, профессор,коомдук ишмер К.Артыкбаев адабият илими менен сынына 50-жылдардын орто ченинде келип , ошондон бери бул жооптуу майданда эмгектенүүсүнүн натыйжасында 500гө жакын эмгектери, алардын ичинен 12 монография, 17 окуу китеби, окуу куралдары ,окуу программалары, адабий изилдөө жана адабий сын китептерин жарыкка чыгарып калтырып кетти.Ал 1934-жылы Москва районундагы Кепер- арык айылында туулуп, 1951-жылы Буденый атындагы орто мектебин бүтүргөн.1956-1967-жылга чейин басма сөз кызматтарында иштеп,ошол жылдан 2010-жылдардын ичинде КУУде факультеттин деканы, кафедра башчысы болуп иштеп келди. Кыргыз адабият таануу илими негизги ажырагыс үч бөлүмдөн турат: адабият теориясы, адабий сын жана адабияттын тарыхы, буларды тыгыз байланышта кароо экендиги тууралуу жобого таянып , адабият таануу илими качан, кантип. пайда болду жана ал өзүнүн өнүгүш жолунда кандай ийгиликтерге жетише алды? – деген суроонун тегерегинде окумуштуу өз изилдөөсүн жүргүзгөндүгү окумуштуунун « Октябрь жараткан илим » аттуу макаласында талдоого алынат.Макалада адабий сын деген эмне экендигине мүнөздөмө берип, анын жанрдык бөлүнүштөрүн көрсөтүп,өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт.

К.Артыкбаев байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин кыргыз адабияты менен кыргыз фольклорун жана кытайдагы кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгы менен жазма адабиятын тереъ билген патриот илимпоз катары шакирттерине үзгүлтүксүз баалуу кеп-кеъештерди айтып, типтүү окуу программаларынын туура, мазмундуу түзүлүшүнө ар дайым туура багыт берип келген.

1943-жылы «Кыргыз адабиятынын тарыхынын очерки» эмгеги жарык көргөн.Бул эмгек алгачкы саамалык катары кыргыз фольклору менен жазма адабиятыбыздын материалдарын биринчи жолу системалуу түрдө илимий жактан жасалган иш эле.Учурунда жасалган алгачкы кадам катары жылуу пикирлер айтылып. алдыда бир топ илимий- теориялык ,практикалык маселелерди чечүү керектиги жөнүндө сөз болот. Окумуштуунун кыргыз адабиятынын теориялык проблемалары боюнча эмгектери изилдөөнү талап кылат. 1956-ж. дипломдук иши катары коргогон «А.Осмоновдун чыгармаларындагы традиция жана новаторлуктун кээ бир маселелери» деп аталган эмгеги жарыкка чыккан .Төрт бөлүмдөн турган бул эмгекте автор акындын башкалардан кескин айырмалана оозеки адабияттын салт-үлгүлөрүн жаъы турмуш менен байытып, жаъы бийиктикке көтөрө алган акын катары,новатордук изденүүлөрдүн натыйжасында жаъы бийиктикке көтөрө ала тургандыгын белгилейт.

Бул эмгек Осмоновтаануу илимине жана кыргыз адабиятындагы салт жана жаъычылдык проблемаларынын изилденишине негиз салгандыгы менен баалуу. 1970-жылы «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» эмгеги орус тилинде жарык көрүп, жаъылык катары жылуу маанай тартуулоо менен адабиятыбыз тууралуу башка элдердин маалымат алышына да шарт түздү.Эмгектин жарык көрүшүндө автор бир топ жөнөкөй жазылганын,

айрым так эместиктер бар экенин белгилеп, адабияттын тарыхы так тактальп, толукталып жазылышына мезгил жеткендигин коомчулуктун,адабиятчыларыбыздын көъүлүн бурат.

1982-жылы жарыкка чыккан «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» окуу китеби жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган алгачкы окуу китеби болуп,бул учурда зарыл болгон окуу китеби катары авторго жылуу пикирлер айтылып басма сөздөрдө жарыяланган. Бул окуу китеби жана «А.Токомбаевдин акындык чеберчилиги»,«К.Маликовдун чгармачылыгы» окуу куралдары үчүн К.Артыкбаевге Мамлекеттик сыйлык ыйгарылган. (1995)

К.Артыкбаев адабият тарыхчысы катары 2004-жылы « XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы » окуу китебин жарыкка чыгарды. Бул окуу китеби окутуучулар менен студенттер үчүн гана эмес, жалпы кыргыз тарыхы менен маданиятынын күйөрмандары үчүн илимий-теориялык жактан талдоого алынган, жаъычылдыгы менен айырмаланган окуу куралы катары кабыл алынды.Автордун мектептердин 5-класстарына арналган «Биздин адабият» аттуу окуу китеби 1985-жылкы республикалык конкурста баш байгени жеъип алып, ошондон бери мыкты окуу китеби катары окутулуп келе жатат.

Мындан сырткары мектептердин XI класстары үчүн “Кыргыз адабияты” окуу китебинин да автору

Профессор К.Артыкбаев адабияттын тарыхы туура жазылышы үчүн элдин тарыхы туура үйрөнүлүшү керек экендигин, ал эми биздин тарыхыбыз бурмаланган учурлары болгондугунун себептерин тактоо негизинде өзүнүн “Кыргыз адабиятынын тарыхындагы түзөтүүгө муктаж айрым маселелер” деген курч макаласын жазып, тарыхыбызды бурмалаган обьективдүү , субьективдүү нерселер жогортон берилген көрсөтмөлөрдү аткаруу үчүн жасаган жетекчилердин кеч болсо да ордуна келтирүү керек экендигине басым жасап, жасалма саясатынын кесепетинен бир топ илимпоздор, жазуучулар жалпы эле элибиздин тарыхы менен маданияты жабыр тартып келгендигин белгилейт.

Кандай гана маселе болбосун, ага обьективдүү, калыс мамиле жасоо зарылчылыгын кыргыз коомчулугуна туура түшүндүрүү үчүн “А.Токомбаев жана К.Тыныстанов ” деген макаласын жазып.алар жөнүндөгү ар кандай кептерди архивдик материалдарды күбөгө тартып төгүндөйт,таразалап калыс түшүнүүлөрү үчүн бир өкүнүчтүү сабак катары берет.Ал сабак адабияттын тарыхын туура чагылдыруу үчүн зарыл болмок.

К.Артыкбаевдин окуу китебине чейин адабиятыбыздын тарыхына байланышкан маселелер, анын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы боюнча көп эле изилдөө эмгектери жазылган.Алар да адабиятыбыздын өнүгүшүндө өз салымдарын кошуп келишкен. Ал эми автор мындан четтеп кетпей, тескерисинче мыйзамдуу түрдө ал фактыларга таянуу менен көптөгөн тактыктарды киргизип,айрым фактылык материалдарга кайрылып, ыраттуу системага салып,илимий негизде карагандыгы, жаъычылдык мүнөздө экендиги менен айырмаланып турат.

Ал эми жазуучуларды портреттик бөлүмгө киргизүүдө алардын чыгармачылык өсүш деъгээлин,адабияттын өсүп-өнүгүшүндө кошкон салымын, эмгектенген жанрындагы сүрөттөө принциптерин өздөштүрүүсү эске алып далилдүү талдап,монографиялык планда жалпылаштырган.

Адабият тарыхында адабияттардын өз ара байланышы тууралуу проблемалары маанилүү орун ээлейт. Окумуштуунун ошол проблемага арналган “Магжан, Мукай,Касым,” “Маданий боордоштук” (Кыргыз-казак адабий байланыштары ) эмгектери. “Көз жетпеген жерге сөз жетет” аттуу макаласынын маанилүү бир жагы Кытайдагы кыргыз адабияты тууралуу илимий-изилдөөлөр жүргүзүп. Жогорку окуу жайында окуган студенттерге лекциялык,практикалык сабак өтүү мезгили бышып жетилди,- деген. Кытайдагы акын-жазуучулар менен чыгармачылык байланыштын башатында көрүнүктүү философ А.Табалдиев жана илимпоз,профессор К.Артыкбаев турушкан. Аталган изилдөөлөр да адабият илимибизге кошулган жаъы салым болуп калды. Аталган акындардын чыгармаларындагы идеялык- тематикалык багыттарын, жаъыдан каз-каз туруп келе жаткан туъгуч акын-жазуучуларыбыздын алгач орусча чала сабаттуу алар

тектеш өзбек,татар.казак адабияттарынан таалим алышкандыктары тууралуу айтып келип, конкреттүү талдоолорго өтөт. Казак-кыргыз адабий байланышын изилдөөгө алып, макаласында көрүнүктүү казак акыны Музафар Алимбаевдин кыргыз тилинде чыккан “Жылдар,ойлор, ырлар” жыйнагынын жаъычылдыгын кыргыз поэзиясынын мыкты үлгүлөрүн дайыма казак тилине которуп,кыргыз илимпоздору менен тыгыз байланышта экендигин сыймыктануу менен белгилейт да, адабиятчы кадрларды даярдоодо бирдикте кызмат өтөп жатышкандыктарын билдиришет.

Профессор К.Артыкбаев кыргыз-казак адабий байланышын андан ары өркүндөтүү максатында улам кийинки маданий-адабий фактыларга кайрылып, аларды теориялык-практикалык маселелердин негизинде чечмелеген. Бир туугандыктын белгиси катарында алардын ортосундагы чыгармачылык байланыштарына күбө болобуз. Ырлардын мыкты үлгүсү катары төмөнкү ырлардын мисалга көрсөтүлүшү төмөнкү биз айткан кепти ырастап турат.

Казак айтат “канша”-деп,
Кыргыз айтат “канча”-деп,
“Ш” менен “Ч” сы болбосо,
Айырма жок анча көп,- деп ,кыргыз акыны Б.Сарногоев кыябына келтире айтса, ага татыктуу,таасын жооптуказак акыны Абдылда Тажибаев мындайча берипир:

Кийгеним менин ак калпак,
Шетине кыюу сыргызган.
Менин да бетим жапжалпак,
Айырмам не кыргыздан?-деп
көрсөтөт белгилүү адабий сынчы жана котормочу агайыбыз С.Карымшаков “Сын дүйнө жана көркөм нарк” эмгегинде.

Мындай мисалдарды көп эле кезиктирүүгө болот. Башкасын айтпаганда да Ч.Айтматов менен М.Ауэзовдун мамилелерин.

Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестинин жарык көрүшү менен окурмандар арасында ар кандай пикирлер жаралып, талаш-тартыштарды туудурганы баарыбызга маалым. Ошондо М.Ауэзов “Ак жолуъ ачылсын” деген макаласында Ч.Айтматовго ак батасын берип,ак жолуъ ачылсын,- деп жылуу пикирин билдирген. ( “ Литературная газета”, 1958,23-октябрь) Ал өзүнүн илимий эмгектеринде кыргыз адабиятынын маселелерине да көп көъүл бурган. Анын “Манас” жөнүндөгү изилдөөсү адабият таануу илиминдеги алгачкы эмгектерден эле. Кыргыз-казак окумуштууларынын ортосундагы бир туугандык байланыш азыркы күндө да күчүндө, диссертациялык кеъештин мүчөлөрүн казак туугандар толуктап турат. (М.Каратаев,Т.Какишев, З. Кабдулов ,Р.Нургалиев, А.Садыков, К.Асаналиев. Р.Кыдырбаева А.Акматалиев. ж.б.)

Илимпоз,адабиятчы,сыны,публицист жана устат педагог катары чоъ эмгек сиъирген профессор К.Артыкбаевдин тынымсыз жемиштүү эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланып,”Ардак белгиси” ордени, “Даък ” медалы, “Эмгек ветераны” медалы, 20дан ашуун Ардак Грамоталары менен сыйланды. “СССРдин жогорку билим берүүсүнүн отличниги ” төш белгилери тагылып, “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиъирген ишмер”,Кыргыз Республикасынын илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты,Ж.Баласагын атындагы сыйлыктын лауреаты наамдарына ээ болду. “Өмүр бизден өтүп кетсе да,эл эмгектен эскерсин”,- деп Кыргыз эл акыны А.Токомбаев айткандай , өзү жок болсо да анын экинчи өмүрү биздин жүрөгүбүздө жашап,өмүрүн сүрмөкчү.

**Адабияттар:**

1.Асаналиев К.Көркөм нарк.-Ф:Кыргызстан,1983.
2. Артыкбаев К.Ар түрдүү издер. - Ф:Кыргызстан,1968.
3. Артыкбаев К.Сын сапары.-Ф:Кыргызстан,1970.

4. Карымшаков С.Сын дүйнө жана көркөм нарк.Б-2002.
5. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы.Ф.1982.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы .Б-2012.